# Улуттук таалим-тарбиянын үңгүжолуна карай

**Профессор Мамбетакунов Э.**

**Улуттук таалим-тарбия –** (этнопедагогика) жаштарды жакшылыкка үндөөнүн, жакшылык жасоого үйрөтүүнүн, жакшылык жасоонун жакшы экендигине ишендирүүнүн элдик ыкмалары, жолдору.

**Уңгужол –** доктрина терминин кыргызча чечмелениши, аталышы. **Доктрина** [ лат. doctrina] – учение, научная или философская теория, политическая система, руководящий теоретический или политический принцип.

Ушул күнгө чейин улуттук таалим-тарбиянын маанисин ачуу, тарбиялоо процессиндеги үлгү болуучу обьект жөнүндө көп сөздөр, ойлор айтылган. Бирок, алардын таасир бере турган күчү, деми байкалбай, көңүлгө сыйбай келген. Ошондой таасирлүү документ катары Кыргыз Республикасынын Президентинин 4 Жарлыгын алсак болот.

**1.** 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасынын **Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы жөнүндөгү Жарлык.** ПЖ №39, 13.11.2020

**2. Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү Жарлык.** ПЖ №1, 29.01.2021

**3. Улуттук нарк жөнүндөгү Жарлык**. ПЖ № 157, 20.05.2022

**4. "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" үңгүжолу жөнүндөгү Жарлык.** ПЖ № 369, 18.13.2024

1. **Кыргыз жараны** - бул этностук, диний, социалдык жана региондук таандыктыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар Кыргыз Республикасынын жараны. **"Кыргыз жараны"** деген термин өлкөнүн аталышы болгон **"Кыргыз Республикасы"** деген аталыштан келип чыгат жана өздөрүнүн этномаданий таандыктыгын сактоо менен бардык этностук жамааттарды бириктирген жалпы жарандык бирдейликтин термини болуп саналат.

2. Руханий-адеп-ахлактык, маданий баалуулуктарды жана технологиялык прогресстин жаңы жетишкендиктерин кылдат жана акылга сыярлык айкалыштыруу мамлекеттүүлүктү да, элдин биримдигин да сактай алат. Кыргыз элинин жана Кыргыз Республикасында жашаган бардык улуттардын каада-салтына, үрп-адатына таянып, биз цивилизациялуу жана гүлдөгөн мамлекетти ийгиликтүү куруп, алдыга илгерилей алабыз.

3. **"Улуттук нарк жөнүндөгү"** Жарлык Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы № 1 "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" Жарлыгынын ырааттуу уландысы катары сунушталган.

Бул жарлык технологиялардын айдыңы менен ааламдашуунун чеңгээлине кирип, өзөгүбүздү жана тамырыбызды жоготуп албашыбыз үчүн адилеттүүлүккө жана акыйкаттуулукка негизделген нарктуу коомду куруу үчүн кызмат кылат.

4. Кыргыз Республикасынын эли ушул күнгө чейин келечекке ишеним жарата турган, коомдун мүмкүнчүлүгүн жаратмандыкка багыттоо күчүнө ээ боло турган идеологияга муктаж болуп келди. Аталган кырдаалдан ылдам чыгуунун ишенимдүү жолдорунун бири, кыргыз жарандарын бир муштумга бириктире турган, куттуу келечекке ишеним арттырган, жарандык мекенчилдикти күчөткөн, улуттун демин арттырып, ага дымак берген, жаңы демилгелердин жаралышына жол ачкан идеяларды иштеп чыгып, аны ыкчамдык менен ишке киргизүү экендиги маалым болду. Андай идеялар бүгүн бизде бар, ал - **Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу.**

Мына ушул Жарлыктардын баардыгында улуттук салт, баалуулук, нарктуулук жана таалим-тарбия жөнүндө сөз болот. Эми ошол маселеге кыскача токтололу.

Элдин өзүнүн улуттук салты, наркы, алардын баалуулуктарын түзөт. Баалуулук менен салт коомдун моралдык нормаларынын, стандарттарынын, иденттүүлүгүнүн жана биримдигинин негизи болуп эсептелет. **Салт** – кайсы бир элдин тарыхында калыптанган, муундан муунга берилип келген жашоо аракеттеринин образы (майрамдар, адаттар, ырым-жырымдар, ритуалдар, өз ара мамилелердин эрежелери ж.б.). Ал элдин тарыхы, жашоо шарттары, кулк-мүнөзү менен аныкталып, жашоо эрежеси катары сакталат да, милдеттүү түрдө аткарылышы камсыздалат.

**Элдик баалуулуктар** – жеке адамдар менен коомдун жашоосу үчүн социалдык-экономикалык, маданий-укуктук, жүрүм-турумдук эрежелердин элдин аң-сезиминде орношу, калыптанышы, аларга болгон ишеним жана аларды аткарууга болгон жоопкерчилик.

**Улуттук салттар** элдин руханий баалуулуктарын түзөт, ал эми баалуулуктар салттарды өнүктүрөт. Баалуулук менен салттын тыкыз байланышы төмөнкү факторлор аркылуу аныкталат:

- алар элдик маданияттын негизги элементи болуп, элдин иденттүүлүгүн (өзгөчөлүгүн) аныктайт;
- алар муундан муунга өткөрүлүп, элдин маданий мурастарын сактап турат;
- алар жеке адамга коомдо өзүн татыктуу алып жүрүүгө багыт берет, жүрүм-турумдун эрежелерин сактоого шарт түзөт, өз ара мамилелердин нормаларын орнотот.

Элдик баалуулуктарды эки түргө бөлүп кароого болот.

1. Уңгулуу (негизги, өзөктүү) баалуулуктар

2. Жасалма баалуулуктар

## Уңгулуу баалуулуктарга:

- **үй-бүлөлүк баалуулук** – ата-энеге болгон сый урмат, балдарга болгон камкордук, үй-бүлөнү сактоо;
- **моралдык баалуулук** – адамдын жеке өзүнө, башка адамдарга, эмгекке, материалдык нерселерге гумандуу мамиле жасоо;
- **религиялык баалуулук** – жашоонун закончененемдерине болгон ишеним, ички жан дүйнөнүн тазалыгы, религиялык окууларга негизделген пайдалуу нормалар;

- **социалдык баалуулук** – жашоонун эрежелерин, законченемдерин сактоо, сыйлоо, жасоого мүмкүн болгондор менен тыюу салынгандарды ажырата билүү, аткаруу жоопкерчилиги;
- **маданий баалуулук** – майрамдардын, үрп-адаттардын, этникалык өзгөчөлүктөрдүн эрежелерин сактоо менен сырдашуу, баарлашуу, мамилелешүү чеберчилиги ж.б. кирет.

**Жасалма баалуулуктарга:**

- билгиликтүү болуп көрүнүүгө багытталган жасалма аракеттер;
- материалдык байлыгына таянып, ар кандай каадаларды ойлоп табуу;
- адамдарга ээлеген кызматына карап сый көрсөтүү;
- шайлоолордогу, кызматка көтөрүлүүдөгү, жеке кызыкчылыкка жетүүдөгү жасалма жоомарттык ж.б. кирет.

**Нарк** – 1) акча бирдигинин өлчөмү менен туюнтулган бир нерсенин баасы; 2) салт, жорук-жосун, адат, жол-жобо. (Нарк-насил деп да айтылат.)

**Насил** – түпкү теги, тукуму дегенди билгизет.

**Нарктуулук** – адамга тиешелүү. Ал адамдын үрп-адатты, каада-салтты, улуттук баалуулуктарды өздөштүрүүсүнүн, аны күндөлүк жашоодо колдоно билүүсүнүн, ар дайым сактоосунун, аткарууга жоопкерчилигинин баасы. Ушул касиетке ээ болгон адам – **Нарктуу адам.**

Ушул Жарлыктарда жогоруда биз сөз кылган улуттук салттар менен баалуулуктар жөнүндө эң маанилүү маалыматтар бар. Алар азыркы жаштарга улуттук дем бере турган таалим-тарбиянын методологиялык негизи болуп эсептелет. Эгер алардын мазмунун терең талдап өздөштүрсөк мектепте, жогорку окуу жайларда жаштарды жакшы жакка жетелөөнүн фундаменталдуу максаты келип чыгат. Аны биз төмөнкүчө формулировкаладык.

Билим берүү уюмдарынын максаты Кыргыз жаранын калыптандыруу. **Кыргыз жараны** – руханий - адептик жактан жетилген, ден соолугу чың, кыргыз наркын жан дүйнөсүнө сиңирген, улуттун деми менен дүйнөлүк бийиктикке жетүүнүн уңгужолун өздөштүргөн жана аны ишке ашыра алган инсан. Азыркы ата-эненин, педагогдордун, коомдук органдардын, мамлекеттин алдындагы келечектүү максаттардын негизиси ушул.

Ушул багытта аткарылган илимий-педагогикалык эмгектерге **(А.Э. Измайлов, И. Бекбоев, Э. Мамбетакунов, Н.Асипова, Н.Ишекеев, С.О. Байгазиев, Ж. Сааданбеков, А. Муратов, С.Рысбаев, Ж. Чыманов, А. Калдыбаева, С. Калдыбаев ж.б.)** таянып, келечекте аткарыла турган педагогикалык изилдөөлөрдүн болжолдуу мерчемин сунуштоого болот:

1. Улуттук салт, баалуулуктар менен нарктуулуктун мазмунун дидактикалык принциптердин талаптарына ылайык иштеп чыгуу.

2. Кыргыз элинин салттуу билимдеринин негиздерин азыркы таалим-тарбиянын максатына шайкеш келтирүү.

3. Билим берүүнүн, тарбиялоонун, өнүктүрүүнүн абалын дүйнөлүк бийиктикке жеткирүүнүн инновациялык ыкмаларын улуттук уңгужолдун нугуна салуу.

4. Таалим-тарбия процессин технологиялаштырууну санариптик негизде өнүктүрүү.

5. Жаштардын өз алдынча билим алуусуна, инсан катары калыптануусуна жасалма акылдын тийгизген ар түрдүү таасирлерин объективдүү талдоо жана тийиштүү дидактикалык материалдарды даярдоо.

6. Жаш адамдын руханий өнүгүүсүн, ден соолугунун бекемдигин, нарк-насилди жан дүйнөсүнө сиңиргендигининин деңгээлин, Кыргыз элинин улуттук деми менен дүйнөлүк бийиктикке жетүүнүн уңгужолун өздөштүрүүсүн баалоонун сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн аныктоо, практикага киргизүү ж.б.

# Көңүл бурганыныздарга рахмат !